Бекитемин: Директор Ысмурбеков И.

# Баа коюуунун нормативдери

## Эсептөөдө:

Эсептөөдө кетүүчү жөнөкөй каталарга эсептөөнөн рационалдуу эмес жолдорун тандап алуу, эсептөөдө суроонун туура эмес коюлушу, эсепти көчүрүүдө берилген сандарды, белгилерди туура эмес көчүрүп алууга, өзгөртүүлөрдүн аягына толук чыгарылбай калышы кирет.

## Жазуу иштеринин түрлөрү

Класста жана үйдө иштелүүчү жазуу иштери- жазуу ишинин түрүнө кирет. Алар көнүгүүлөр, конспектилер жана рефераттар кирет. Окуучулардын ар түрдүү предметтерден уккан лекциялары, конспектилери, суроолорго жазуу түрүндө берген жооптору, дилбаяндар ж.б. кирет.

2. План боюнча алынуучу жазуу иштери үчүн- мугалим бир сабакты толук же болбосо анын бөлүгүн сарптаса болот.
3. Жыйынтыктоочу жазуу иштери - окуу программасынын орчундуу бөлүгү бүткөндө, чейрек аягында, жарым жылдыкта алынат.

## Өзүнө эсептөөнү камтыган текшерүү иштерине коюлуучу баалардын нормативдери:

«5» деген баа катасыз аткарылса,
«4» деген баа 1 олдоксон жана 1-2 жөнөкөй ката кетирсе,
«3» деген баа 3 олдоксон жана 1-2 жөнөкөй ката кетирсе ,
«2» деген баа 4 олдоксон ката кетирсе коюлат.

## Эгерде текшеруу иши жалаң эсептөөдөн турса:

«5» деген баа катасыз аткарылса,
«4» деген баа 1-2 жөнөкөй ката кетирсе,
«3» деген баа 1 олдоксон жана 3-4 жөнөкөй ката кетирсе,
«2» деген баа 2 ден ашык олдоксон ката кетирсе коюлат.

Эскертүү:

1. Эгерде математикадан текшерүү ишинде граматикалык ката кетирилсе, коюлуучу баага таасирин тийгизбейт, баа эсептин чыгарылышына коюлат.
2. Эгерде окуучу текшерүү ишин жазууда калиграфиялык эрежелерди олдоксон бузса, 1 балл төмөндөтүүгө болот бирок «3» деген баадан төмөн эмес.

### Жат жазууга коюлуучу баа коюунун нормативдери:

«5»-2 орфографиялык,1 пунктуациялык катадан ашпаса
«4»- 3-5 орфографиялык,2 пунктуациялык катадан ашпаса
«3»- 7-10 орфографиялык,3 пунктуациялык катадан ашпаса

## Орус тили жана адабиятынан жазуу иштерине коюлуучу баалардын нормативдери

«5» деген баа 1 орфографиялык , 1 пунктуациялык катага коюлат.
«4» деген баа 2-3 орфографиялык,1-2 пунктуациялык катага коюлат.
«3» деген баа 4-5 орфографиялык, 2-3 пунктуациялык катага коюлат.
«2» деген баа 6-7 орфографиялык, 4-5 пунктуациялык катага коюлат.

## Дил баян

Дил баянга коюлуучу баа биринчи сабаттулугуна, экинчи мазмунуна коюлат.

«5» деген баа 1-2 орфографиялык, 1 пунктуациялык катага мазмуну толук берилсе, текстеги ой байланышса коюлат.

«4» деген баа 3-4 орфографиялык, 2 пунктуациялык катага , мазмунун толук ачып бере албаса коюлат.

«3» деген баа 5 тен ашык орфографиялык катага, 2 ден ашык пунктуациялык катага жана мазмунун ачып бере албаса, ой бири-бирине байланышпаса коюлат.

«2» деген баа 9 дан ашык орфографиялык, 4 тон ашык пунктуациялык катага, текстин мазмунунун жоктугуна коюлат.